# Калыгул Жусупов атындагы орто мектебинде 2021- 2022- окуу жылына карата тарбия иштери боюнча анализ

Калыгул Жусупов атындагы орто мектебинде тарбия иштерин жүргүзүү боюнча бир топ жакшы жолдорго коюлган. Даталуу күндөргө карата көптөгөн иш чараларды өтүп жатышты. Окуучулардын ички тартибине, сабакка катышуусуна дайыма көзөмөл жүргүзүлөт. 6-7-8-9-10-11-класстарынын дневниктеринин толутурулушу,сакталышы, туура жазылышы карап чыгу колго алынган.

Тартип бузуулардын алдын алуу боюнча милициянын капитаны Нурлан кызы Каныкей менен жолугушуулар өткөрүлүп турат. Мектеп айланасын иретке келтирүү тазалоо колго алынып бир топ иштер жасалды.

Кыздар уюмунун чогулушун өткөрүү, жана гигиена тууралуу маалымат берилди. 23- февраль Ата мекенди коргоо күнүнө карата иш чара түзүлүп бекиттирилди. 23- февраль Ата Мекенди коргоо куну" деген аталышта класстык ачык сабак өтүлдү. Даярдаган башталгыч класстын мугалими Болжиева Айжан Букарбаевна.

23-февраль Ата –мекенди коргоо күнүнө карата"Сен аскерге даярсынбы" аталышында балдар арасында таймаш өткөрүлдү. Эн жакшы деңгээлде даярдалган. Мактоо баракчалары жазылып кызыктыруучу сыйлыктар берилди. Сүрөт конкурсу өткөрүлдү. Эн жакшы жасалгаланган стен газеталар баса белгиленди.

3- март Мамлекеттик Туу күнү белгиленип иш чаралар түзүлүп бекиттирилди. Туу күнүнө карата 6- класска 3-март Туу куну деген аталышта класстык саат өтүлдү. Даярдаган мугалим Максутова Суйумкан Жумабековна 6-7-8-9-10-11- класстар арасында Туу күнүнө карата айыл ичине жүрүштөр жасалды. Туу күнүнө карата түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. 5- март Ак калпак күнүнө карата иш чаралар түзүлүп класстык сааттар өтүлдү. Ак калпак тууралуу слайддар көрсөтүлдү.

8- март апалардын майрамына карата окуучулар арасында "Сен сулуусун аялзат" аттуу темада 7-8- класстагы кыздар арасында КВН өткөрүлдү. Класстык сааттарөткөрүлүп бурчтар чыгарылды. 21 – март Нооруз майрамына карата 9- класста "Нооруз - элдик майрам" деген аталышта кечени эң жакшы көрсөтүлдү.